УДК:81-25:811.512.154(575.2)(04)
DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_92

Ураимова А.,
Кыргыз Республикасынын
Эл аралык университети,
улуу окутуучу

ПОЭТИКАЛЫК ТЕКСТТЕРДИ КЫРГЫЗ ТИЛИНЕ КОТОРУУДАГЫ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР

Кыскача мазмуну

Макала поэзияны которуудагы изилдөөлөргө жана поэтикалык тексттерди кыргыз тилине которуунун өзгөчөлүктөрүнө арналган. Поэтикалык котормо котормонун башка түрлөрүнөн айырмаланып, котормочудан өзгөчө профессионализм талап кылаары аныкталды. Терминге аныктама берилип, байыркы доордун философторунун ачылыштары, орто кылымдагы Европанын алгач изилдөөлөрү жана азыркы учурдагы жергиликтүү илимпоздордун бул суроого болгон ой- пикири каралып чыкты. Кыргызстандагы поэтикалык котормонун өнүгүү этаптары белгиленди. Дж.Г. Байрондун "Fare thee well!" чыгармасынын орус жана кыргыз тилине болгон котормолоруна талдоо жүргүзүлдү. Талдоодо чет тилиндеги чыгарманын кыргыз тилине түздөн түз которулбагандыктан мааниси өзгөрүүлөргө учураганы далилденди. Түп нусканын түздөн түз которулушу шарт экени айтылып кетти. Котормо илими теоретикалык жана практикалык жактан өнүгүп бара жатканы белгиленди.

Түйүндүү сөздөр: *поэтикалык текст, поэзия, поэтикалык котормо, котормонун анализи, котормо, поэтикалык чыгарма, автордук стиль, кыргыз тилине которуу, орус тилине которуу, поэтикалык ритм.*

ОСОБЕННОСТИ ПЕРЕВОДА ПОЭТИЧЕСКИХ ТЕКСТОВ НА КЫРГЫЗСКИЙ ЯЗЫК

Аннотация

Статья посвящена исследованиям поэтического перевода и особенностям перевода поэтических текстов на кыргызский язык. Установлено, что поэтический перевод отличается от других видов перевода тем, что от переводчика требуется особый профессионализм. Даны определения термину. Рассмотрены открытия философов античности, первые исследования средневековой Европы и мнения современных отечественных ученых по этому вопросу. Определены этапы развития поэтического перевода в Кыргызстане. Проведен анализ переводов произведения Дж.Г. Байрона "Fare the well!". В ходе анализа доказано, в связи с тем, что иноязычное произведение переведено на кыргызский язык не на прямую его значение подверглось изменениям. Отмечено, что в науке о переводе идет развитие как теоретическом, так и практическом плане.

Ключевые слова: *поэтический текст, поэзия, поэтический перевод, анализ перевода, перевод, поэтическое произведение, авторский стиль, перевод на кыргызский язык, перевод на русский язык, поэтический ритм.*

FEATURES OF TRANSLATION OF POETIC TEXTS INTO THE KYRGYZ LANGUAGE

Abstract

The article is devoted to the research of poetic translation and the peculiarities of translation of poetic texts into the Kyrgyz language. It is established that poetic translation differs from other types of translation in that special professionalism is required from the translator. The discoveries of the philosophers of antiquity, the first studies of medieval Europe and the opinions of modern Kyrgyz scientists on this issue are considered. The stages of the development of poetic translation in Kyrgyzstan are defined. The translations of Byron's work "Fare the well!" is analyzed. It is noted that the science of translation is developing.

Key words: *poetic text, poetry, poetic translation, translation analysis, translation, poetic work, author's style, translation into Kyrgyz, translation into Russian, poetic rhythm.*

Поэтикалык тексттерди которуу котормонун башка түрлөрүнөн өзүнчө турат. Ал котормочудан өзгөчө мамилени талап кылат. Поэтикалык текстти которууда котормочу көптөгөн кыйынчылыктарга тоскоол болот. Ал тоскоолдуктар бир гана эки тилдин ортосундагы лексикалык же грамматикалык өзгөчөлүктөрдө эмес. Котормочу өзү дагы акындык өнөрү бар болуусу тийиш. Ал жазуучунун стилин сактап, поэтикалык чыгарманын маанисин берүүгө аракет кылыш керек. Ыр саптарынын уйкашын жана көлөмүн сактоосу зарыл.

Гейне, Шиллер, Гораций же Расул Гамзатовдун чыгармаларынын котормолорун окуган окурман ал чынында эле Гейне, Шиллер, Гораций жана Расул Гамзатовдун ыр саптарын окуганына, бул акын — котормочу ага бүт негизги, маанилүү, олуттуу нерселерди жоготпой, акындардын чыныгы ойлорун жана сезимдерин жеткиргенине ишениш керек. Баарынан маанилүүсү, которулуп жаткан акындын чыныгы жүзүн, анын жашаган доорун жана улутун, анын эркин, ички дүйнөсүн, мүнөзүн, темпераментин айтып берүү [3, 372-б.].

Поэтикалык котормону өз ишин билген, чет элдин тили, маданияты, тарыхы менен жакшы тааныш, мыкты адис, профессионал гана аткара алат. Тажрыйбалуу котормочу гана окурман аудиторияга так, сапаттуу жана түшүнүктүү котормону сунуштоого кудурети жетет. Туура которулган чыгарма окурманга таасирин тийгизип, кандайдыр бир эмоцияны жаратып, ой жүгүртүүгө алып келет.

Башка котормолордон айырмаланып поэтикалык котормо өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ жана талаптары да башкача. Ал тургай прозалык котормодон да айырмаланып турат. Котормочунун өзгөчөлүктөрү: эрудиция өтө жогорку дэнгээлде болот, ар бир маданияттын өзгөчөлүктөрүн даана жана так билүүлөрү шарт, башкача айтканда бир тилден экинчи бир тилге гана которбостон, бир маданияттан экинчи маданиятка которуу шарт болуп саналат. Поэтикалык котормо — бул баарлашуунун өзгөчө формасы болуп саналуу менен, социалдык коммуникациянын өзгөчө түрү б.а. элден элге которулуучу маалымат болуп эсептелет. Ошондуктан котормочунун миссиясы ошол элдин поэтикалык жүрөгүнүн согушун сезүү жана андагы ыргактарды туура жана так берүү. Поэзияны которуу — көркөм чыгармаларды которуунун эң бир татаал формасы [2, 131–132-б.].

Поэтикалык котормонун маңызын түшүнүү үчүн анын тарыхын изилдөө зарыл. Поэтикалык котормонун түп тамырын байыркы доордон издөө керек. Алгачкы поэтикалык котормонун практиги деп Луций Ливий Андроникти эсептесек болот. Ал Гомердин "Одиссеясын" жана көптөгөн башка трагедияларды жана комедияларды грек тилинен латын тилине которгон. Поэзияны которуудагы теориялык изилдөөлөргө байыркы римдин философу Цицерондун салымы чоң. Ал сөзмө сөз которуудан алыстоого, сөздүн маанисин, негизги оюн гана берүүгө чыкырган. Орто кылымдарда Европада котормону изилдөөгө басым жасала баштаган. Францияда Этьен Доле которуунун "эрежелерин" тузуп, көптөгөн трактаттарды жазган. Аглияда белгилуу акын, котормочу Джон Драйден котормо боюнча биринчи теоретикалык эмгек басып чыгарган. Ал которуунун үч түрүнө көңүл буруу керектигин айтып кеткен. Бул "метафраз", "перефраз" жана "имитация". Драйден "алтын эрежелерди" иштеп чыккан: (а) акын болуу, (б) түп нусканын тилин жана эне тилин билүү, (в) автордун жеке өзгөчөлүктөрүн түшүнүү, (г) өзүнүн таланты менен автордун талантын биргелештирүү, (д) түп нусканын маанисин сактоо, (е) түп нусканын маанисине зыян келтирбей, чыгарманын өзүнө тартуу сапатын сактоо, (ж) котормодо ырдын сапатын сактоо, (з) азыркы англичандардын сүйлөө стили кандай болсо, авторду ошондой сүйлөөгө мажбурлоо, (и) анын ички дүйнөсүн жоготуп албоо үчүн, түп нусканы сөзмө сөз кайталабоо, (к) түп нусканы жакшыртууга аракет кылбоо [4, 19–22-б.].

Улуу англис акыны Хенри Лонгфеллоу, тексттеги негизги проблеманын кайсыл экенин так билүү керек жана ошол ойлор кантип, кандайча айтылды — ошолорду которуу керек экендигин айткан. Ал эми англиялык акын Перси Бишше Шелли болсо поэзияны которуу мүмкүн эмес экендигин көрсөтүп кетет. Поэзияны которуу үчүн анын жытын, түсүн, боёгун сезе билүү керек, андан сырткары өсүмдүктүн даны — уругу сыяктуу ырдын өзгөчө ароматы өзүнүн тамыры менен себилген жерде өсөт, башка жерге которсо гүлдөбөй калышы мүмкүн деп образдуу кылып айтып кетет [2, 14-б.].

Кыргызстанда поэтикалык котормонун өнүгүүсү 1950 — жылдан башталат. Ошол жылдары орус поэттери А. Пушкиндин, М. Лермонтовдун чыгармалары кыргыз тилине алгач которулуп, кыргыз тилинде дүйнөлүк адабиятты окууга мүмкүнчүлүктү пайда кылат. Англис тилиндеги адабиятка "Отеллону" которгон А. Осмонов жана "Гамлетти" которгон К. Эшмамбетов жолду ачышкан. Ошол мезгилде англис тилинен түздөн түз кыргыз тилине которууларды жасоого мүмкүнчүлүктүн жогунан баардык чыгармалар орус тилине которулган варианттарга багытталган [1, 4-б.]. " Каалсак, каалабасак да мындай котормолор өзгөрүүлөргө учурайт. Ошого карабастан англис классиктеринин чыгармаларынын орус тили аркылуу болсо да кыргыз маданиятына келиши кыргыз элинин руханий дүйнөсүнүн байышына алып келери бышык" [2, 26-б.].

Азыркы учурда кыргыз котормочуларга жол ачылып, англис тилинен кыргыз тилине, кыргыз тилинен англис тилине түздөн түз которуулар көбөйүп, котормо боюнча илимий эмгектер, макалалар жарыка чыкты. Бул кыргыз котормосунун келечеги чон экенине ишеним жаратат.

Поэтикалык текстти которууга киришкен котормочу өзүнө чоң жоопкерчиликти алат. Ал сөзмө сөз которуудан алыс болуп, автордун стилин, ырдын мүнөзүн, ритмин сактап калуусу зарыл. Автордун өзгөчөлүгүн жоготпой окурманга анын толук оюн жеткириш керек.

Поэтикалык котормонун мисалы катары англис акын — романтик Дж. Г. Байрондун чыгармасын карап кетсек.

Акындын "Fare thee well!" чыгармасын талдап көрөлү. Бул чыгарма 1816 жылдын мартында Байрондун жубайы Анна Изабелла Милбенк менен ажырашуудан кийинки жазылган коштошуу каты болуп эсептелет. Жубайлар бир жыл гана жашап, кыздуу болгондон кийин Анна өз ата энесинин үйүнө кетип, ажырашууну каалаганын айтып, кайтпай коет. Бул окуя эл арасында

ушак сөздөрдү жаратып, Байрондун намысына коркунуч келтирип, аны Англияны калтырууга мажбурлайт.

Бул ырдын биринчи саптарын карап көрөлү. Мисал катары И. И. Козловдун орус тилине которулган вариантын жана Э. Н. Турсуновдун кыргыз тилине которулган вариантын алалы.

“Fare thee well! and if for ever,
Still for ever, fare thee well:
Even though unforgiving, never
‘Gainst thee shall my heart rebel.”
“Прости! И если так судьбою
Нам суждено — навек прости!
Пусть ты безжалостна — с тобою
Вражды мне сердца не снести.”
“Кечир, жаным! Тагдыр бөлсө кантели? —
Кезикпейли, биротоло кетели.
Жек көрсөң да кек санашпай өтөлү,
Жеңил бекен жүрөккө аны көтөрүү?”

Бул саптарда “Fare thee well” деген соз түздөн түз которгондо “кош” же “коштошуу” деп которулат, бирок орус котомочу И. Козлов “Прости” деп которгон, кыргыз котормочусу Э. Турсунов да котормону кечирим сөздөр менен баштаган. Ошентип коштошуу ыры, кечирим суроо ырына айланган. Кийинки сапта автор түбөлүккө кош деп кайталайт, Козлов да “навек прости” деп кайталоодо, Турсунов бул жерде кечир деп кайталабай “биротоло кетели” деп коштошуу сөздөрүн айтып жатат. “Even though unforgiving, never ‘Gainst thee shall my heart rebel.” дегенди сөзмө сөз которгондо «Мен сени кечибесем да, жүрөгүм сага каршы эч качан чыкпайт” болот. И. Козлов “Пусть ты безжалостна — с тобою Вражды мне сердца не снести.”, Э. Турсунов “Жек көрсөң да кек санашпай өтөлү, Жеңил бекен жүрөккө аны көтөрүү?” деп которушкан. Түздөн түз которгондо акын кечирбейм, бирок каршы чыкпайм деп өзүн намыскөйлүгүн көрсөтүп жатса, орус жана кыргыз котормолордо кек санашууну акындын жүрөгү көтөрө албастыгын түшүнсөк болот.

“Would that breast were bared before thee
Where thy head so oft hath lain,
While that placid sleep came o’er thee
Which thou ne’er canst know again:”
“Не может быть, чтоб повстречала
Ты непреклонность чувства в том,
На чьей груди ты засыпала
Невозвратимо-сладким сном!”
“Бар сезимиң аябас да багынбас,
Ал сезимиң кайра мага кабылбас,
Башың жөлөп көкүрөгүмө, уктаган
— Балдай уйкуң кайталанбас, табылбас.”

Түзмө түз которгондо “ Эгерде бул көкүрөк сенин алдында ачык болгондо, сен башынды көп жолу коюп жүргөн, тынч уйку келгиче, ал сен учун башка эч кайталанбайт (сен аны башка билбейсин)”. Бул саптарды салыштырсак оригиналдуу текстте сезим жөнүндө сөз жок, орус жана кыргыз варианттарында болсо “сезим” саптардын негизинде турат. И. Козлов сезимдердин жок болушуна ишенбей жаткандыгын көрсөтүп жатса, кыргыз вариантында өкүнүү сезими сүрөттөлүп жатат. Түздөн түз котормону карасак автор өкүнүп жатканы билинбейт, тескерисинче “сен үчүн кайталанбайт” деп, ыр саптары арналган адамга ал кандай жоготууга учурап жатканын айтып жаткандай.

“Still thine own its life retaineth,
Still must mine, though bleeding, beat;
And the undying thought which paineth
Is — that we no more may meet.”
“Твое то ж чувство сохраняет;
Удел же мой — страдать, любить,
И мысль бессменная терзает,
Что мы не будем вместе жить.”
“А сенде да болсо керек ал санаа,
Ашыклык дарт мени белден бек басат,
Өмүр сүрүп бирге жашап калбаган,
Өкүнүчтүү өлбөс сезим жеп жатат.”

Бул саптарды которуп көрөлү, “Дагы деле сенин өз жашоон сакталып келет, дагы деле меники (жүрөк) канап жаткан, бирок согуп жатат. Бир гана өчпөс ой мага оорчундуу — биз башка жолуга албаганыбыз”. Бул жерде И. Козлов “Still must mine, though bleeding, beat;” дегенди “Удел же мой — страдать, любить,” деп, Э. Турсунов “Ашыклык дарт мени белден бек басат,” деп которушкан. Автор жүрөгү канап жатканы менен сокконду токтоткон жок деп, турмушту андан ары улантып кетүүгө күчү бар экенин көрсөтүп жатса, котормолордо “ удел”, “страдать”, “дарт” деген сөздөр колдолнулуп жоопсуз ашыктыктан кыйналап жаткан, көңүлү чөккөн адам сүрөттөлөт.

Биз берилеген мисалдардан байкап кеткендей котормо ар дайым түздөн түз которулбайт. Акын — котормочунун өз көз караштары, стили, башынан өткөн турмуш тажрыйбасы да поэтикалык котормонун мазмунуна чоң таасир тийгизет. Кыргыз тилине которулган көп чыгармалардын түп нуска менен топ келишпестиги анын көбүнчө орус тилинен которулгандыгынын себеби. Кандай болсо да, кыргыз тилине которуп, кыргыз элин батыш адабияты менен тааныштырган, алысты жакын кылган, акын — котормочуларыбызга таазим. Жылдан жылга Кыргызстанда котормо илими өнүгүп жатат. Чет тилиндеги адабият гана которулбай, кыргыз тилиндеги чыгармалар башка тилдерге которулуп, кыргыз маданияты менен дүйнө жүзүн тааныштырууда. Котормо багытында изилдөөлөр жүрүп илимий эмгектер көбөйүп, котормо илиминин келечеги бар экени шексиз [5, 167 — б.]

Адабияттар

1. *Иийсаева А. Дж. Котормо жана анын лингвистикалык табияты: усулдук көрсөтмө/ А. Дж. Иийсаева.— Каракол: ЫМУ, 2017.— 38 б.*
2. *Караева З. К. Котормонун теориялык жана практикалык негиздери / З. К. Караева, Н. К. Касымбеков.— Бишкек: Фаст прин, 2019.— 175 б.*
3. *Маршак С. Я. Поэзия перевода / С. Я. Маршак // Собрание сочинений в 8 томах.— т. 6.— М.: Художественная литература, 1971.— С. 371–375*
4. *Нестерова Н. М. Теория перевода: ключевые вопросы: учеб. пособие / Н. М. Нестерова, Е. А. Наугольных, А. Ю. Наугольных.— Пермь: Изд-во Перм. нац. исслед. политехн. ун-та, 2012.— 108 с.*
5. *Бегеева Ж.А. О качестве художественных переводов с русского на кыргызский язык в 30–40-е годы / Ж. А. Бегеева // Вестник БГУ им.К.Карасаева.— 2009.—№2 (15). – С.166-168.*